**“Күттүм сени”**

**Сөзү:** Асанбек Жантемир , Жангазиев Муса

**Обону:** Асанбек Жантемир

( F минор G# минор)

Күттүм сени таң аткандан күүгүм кирип батканча,

Аккептердин балапанын кучагына алганча.

Күттүм сени жылдыз жайнап түндүн көркү ачылганда,

Мүнүшкөрлөр кушун салып кыштагына кайрылганда.

К:

Күттүм сени күттүм сени, сен дагы мени күтөөрсүң,

Сүйгөндөрдүн кайыгына калагы жок түшөөрсүң.

Күттүм сени, күттүм сени,

Күттүм сени, сени да мени.

Күттүм сени, күттүм сени,

Күттүм, күттүм.

Күттүм сени тоонун суусу көлгө агып чейин барганча,

Жеткинчектер оюн куруп кызыгы тараганча.

Күттүм сени кимди сүйүп, кимди анан байкабадың,

Эмнеге эле  күттүрүп сен, эмнеге чынын айталбадың.

К:

Күттүм сени күттүм сени, сен дагы мени күтөөрсүң,

Сүйгөнүңдөн сүйгөнүңө жетпей жүрүп өтөөрсүң.